## И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин М. Р. Рахимова атындагы кошумча кесиптик билим берүү институтунун тарыхы

**1.** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту (КЖ жана ККДИ) И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин Окумуштуулар Кеңешинин 28.03.1997-ж. (№3 Токтом) макулдашылган чечими жана университеттин ректорунун буйругу (14.07.97 ж., №76/5) менен КМУда биринчилерден болуп 1997-жылы 28-мартта (АЛ №064, №074) өз алдынча түзүм катары уюштурулган.

2014-жылдын 5-июнунда ГПЮ 0012078 каттоо номери менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде И. Арабаев атындагы КМУнун М.Р. Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту болуп кайра катталган.

**2.** Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун негиздөөчүсү жана **биринчи директору** педагогика илиминин доктору, профессор, РФ ПСИАнын академиги, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер **Рахимова Магрифа Рахимовна** болгон. Институтта 2 кафедра уюшулган: Психология-педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасы жана Табигый-математикалык билимдер кафедрасы.

3. Институтту 2000-2023-жж. педагогика илимдеринин доктору, проф. Акиева Гульдана Салморбековна жетектеп келген.

**Адистикти кайра даярдоо** азыркы экономикалык шартка жана социалдык муктаждыкка ылайык келчү жаңыча сферадагы жогорку билимдүү адистерге ээ болууну жүзөгө ашырат.

**Квалификацияны жогорулатуу** менен адистик билимин, ишкерлик сапатын өркүндөтүшөт, о.э. билимин практикалык жана теориялык жактан жаңылап, башкача айтканда жогорку методологиялык негизде, профессионалдык деңгээлде учурдун талабына ылайык жүзөгө ашырышат.

И. Арабаев атындагы КМУнун жалпы ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жана натыйжалуу жүргүзүү максатында университеттик курамдык түзүмдөрдү оптималдаштыруу боюнча түзүлгөн (2023-жылдын 21-апрелиндеги №01-8\268 буйрук) комиссиянын 2023-жылдын 16-майындагы №1 жана 2023-жылдын 23-майындагы №2 отурумдарынын сунуштарынын негизинде И. Арабаев ат.КМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 26-майындагы №10 отурумунун чечимине ылайык М.Р. Рахимова ат. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун аталышы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамынын 24-беренесине ылайык И. Арабаев ат. КМУнун 2023-жылдын 30-майындагы **№01-8\335** буйругунун негизинде **М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институту** деп өзгөртүлгөн.

Учурда М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтун п.и.к., доцент Усенгазиева Гульнара Сабыркуловна жетектеп келет.

**Бүгүнкү күндө институттун курамы:**

- Педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасы (кафедра башчысы: т.и.к., доц. Абдалиева Гульзада Кошоевна);
- Табигый-математикалык билимдер кафедрасы (кафедра башчысы: ф-м.и.к., доцент Белеков Кенжебек Жолдошевич);
- Инновациялык технологиялар жана квалификацияны жогорулатуу борбору (башчысы: г.и.к., доц.м.а. Шаршенова Дамира Сыдыгалиевна).